КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

ТАРЫХ ИНСТИТУТУ

ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д.07.06.333

Кол жазма укугунда
УДК: 947.1 (575.2) 39 (943.41) (043.3)

АБДАЛИЕВА ГУЛЬЗАДА КОШОЕВНА

# КЫТАЙЛЫК КЫРГЫЗДАРДЫН РУХАНИЙ МАДАНИЯТЫ 1949 – 2004-жж. (Кызылсуу Кыргыз автономиялык областында жашаган кыргыздардын мисалында)

Адистиги: 07.00.02 — Кыргызстан тарыхы
07.00.07 — этнография, энтология жана антропология

Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук
даражасын алуу
үчүн талаптанып жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

Бишкек-2008

Диссертациялык иш К.И.Скрябин атындагы Кыргыз агрардык университетинин тарых жана философия кафедрасында даярдалды

**Илимий жетекчи:** тарых илимдеринин доктору, профессор **Осмонов Ө.Ж.**

**Расмий сын-пикир ээлери:** тарых илимдеринин доктору, профессор **Джунушалиев Дж.Дж.**

тарых илимдеринин кандидаты, доц. **Көчкүнов А.С.**

**Жетектөөчү мекеме:** Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, Кыргызстандын жаңы жана соңку жаңы тарых кафедрасы

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Тарых институнун алдындагы тарых илимдери боюнча докторлук (кандидаттык) диссертацияларды коргоочу Д.07.06.333 (тең уюштуруучу И.Арабаев атындагы КМУ) Диссертациялык кеңештин 2008-жылдын «4» июля саат 13:00 башталуучу жыйынында корголот. Дареги: Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасынан таанышууга болот.

Автореферат 2008-ж. «2» июня таркатылды

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, тарых илимдеринин доктору** **Батырбаева Ш.Д.**



## ДИССЕРТАЦИЯНЫН МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу.** Ар бир улуттун келечеги, анын басып өткөн жолу маданиятынын өсүшүнө байланышкан. Анткени адамзаттын тарыхый тажрыйбасы нечен миңдеген жылдарды кучагына алат, ал аңдап түшүнүүнү, аны ар тараптан таанып билүүнү талап кылат. Ансыз азыркы жаш муундардын маданий деңгээли жана адеп-ахлактык түшүнүгүн өстүрүп өркүндөтүүгө, атуул катары калыптандырууну камсыз кылууга мүмкүн эмес.

Кыргыз Республикасы эгемендүүлүк алгандан бир жылдан кийин, тактап айтканда, 1992-жылы августта Кыргыздардын Бүткүл дүйнөлүк биринчи курултайы өтүп, курултайда кабыл алынган документте: «Кыргыз Республикасы — жалпы кыргыз аттуунун баа жеткис орток дөөлөтү» — деп айтылган. Ал чет өлкөлүк кыргыздар менен социалдык-экономикалык жана маданий байланыштарды кеңири жайылтуу үчүн жол ачкан. Мына ошол мезгилден тартып, мамлекетибиз бир боордошторубузга камкордук көрүү максатында бир нече чаралар көрүлгөн. 2003-жылы Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200-жылдык маарекесин белгилөө Кыргыздардын Бүткүл дүйнөлүк экинчи курултайына дал келген эле. Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200-жылдык маарекесин белгилөөдө бүткүл дүйнөнүн ар кайсы өлкөлөрүндө жашап жаткан кыргыз жамааттарынын өкүлдөрү чакырылган. Кыргыздардын II курултайында: «Бүгүнкү боордошторубуздун тарыхын өлкөбүздүн тарыхынын бир бутагы катары карап, кыргыз эмиграциясына таасын баа берүү жана акыйкат таанып билүүгө муктаж» — деп баса белгилеген.

Чет өлкөлүк кыргыздардын тарыхы Атамекенибиз — Кыргызстандын тарыхы менен ажырагыс жана анын бир бөлүгү болуп эсептелет. Ошондон улам ар кандай тарыхый шарттардын негизинде тигил же бул мамлекетте жашап жаткан кыргыздардын тарыхы жана маданий дөөлөттөрү кыргыз улутунун тарыхы катары изилденүүгө тийиш. Анткени алар чет жерде, чет элде жашаса да «кыргыз» деген этнонимди алып жүрүүчүлөрдөн болуп эсептелинип, кыргыз элинин тилин, маданий мурастарын сактап келе жатышат.

Бүгүнкү күндөгү илимий жетишкендиктерге ылайык кыргыз элинин тарыхынын калыптануу доору кеңири аймак менен байланыштырышат. Енисей кыргыздарынын, Чыгыш Түркстан, Фергана жана Памир кыргыздарынын тарыхы, дегеле ар кандай тарыхый шарттарга ылайык тигил же бул өлкөдө жашап калган боордошторубуздун тарыхы ар тараптуу изилдөө объектисине айланууга тийиш. Арийне, Атамекен тарыхынын бир бутагы катары

кытайлык кыргыздардын руханий маданиятын (1949-2004-ж.ж.) изилдөө орчунду маселелердин бири.

**Теманын изилденүү деңгээли:** Кытайлык кыргыздарды европалык изилдөөчүлөр тарабынан XVI кылымдан башталып, Кашкар жөнүндөгү биринчи кабарды 1567-жылы Иван Грозныйдын буйругу менен Кытайга жиберилген казак атамандары Иван Петров менен Бурнаш Ямышев алып келишкен. 1620-жылы Кытайга сибирлик казак Иван Петлин Чыгыш Түркстан аркылуу барып келген. Бирок бул өлкө жөнүндө толук маалымат биринчи жолу М.П.Гагариндин Петр I ге жиберген кабарында берилген. Эң башкысы бул документ 1713-жылы Сибирь губернатору Кытайга жиберген көпөс Ф.Трушниковдон сурамжылап алынган маалыматтардын негизинде түзүлгөн.

XVII кылымда Кашкарга дагы бир орус унтер-офицер Ф.Ефремов барган. Бирок 1774-жылы аны кыргыздар туткундап алып, Бухарага сатып жиберишкен. Өзүнүн «саякаты» жөнүндө туткундан качып чыккан, Ф.Ефремовдун отчету 1786-жылы «Россиялык унтер-офицер Ефремовдун он жыл бою Бухараны, Хиваны, Персияны жана Индияны кыдырганы, ал жакта башынан өткөргөндөрү жана ошол жактан Англия аркылуу Россияга кайрылып келгенин өз колу менен жазганы» деген узун аталыш менен китеп болуп басылып чыккан[1].

Китепте Кашкар, Яркенд, Аксуу, Хотан шаарларынын административдик башкаруусуна байланышкан жергиликтүү элдер жөнүндө кызыктуу маалыматтар кездешет.

Ал эми XIX кылымдын экинчи жарымында орустун окумуштуу-саякатчылары И.Бичурин, Ч.Ч.Валиханов, андан кийин Н.М.Пржевальский, А.Н.Куропаткин, Б.Л. Громбчевский, В.В. Григорьев, Г.Е.Грум-Гружимайло, Л.Корнилов, А.П.Федченко ж.б. Чыгыш Түркстандын географиялык өзгөчөлүктөрүн, климатын, турмуш-тиричилиги, салтын, үрп-адатын жана чарбачылыгын өтө кылдаттык менен жазып калтырышкан[2].

---

[1] *Ефремов Ф.* Странствование Филиппа Ефремова в киргизской степи, Бухаре, Хиве, Персии, Тибете, Индии и возвращении его оттуда через Англию в Россию. – Казань, 1811 г. – С. 65; *Колесников А.* Русские в Кашгарии (вторая половина XIX – нач. XX вв.). Миссия экспедиции. Путешествия. – Бишкек, 2006.

[2] *Бичурин И.* Описание Чжуньгарии и Восточного Туркестана в древнем и нынешнем его состоянии. – Спб., – Ч. 1. – 1829; *Валиханов Ч.Ч.* Отчет о состоянии Алтышара или шести городов Восточного Туркестана в 1858 – 1859 годах // Сочинения *Валиханов Ч.Ч.* Отчет о состоянии Алтышара или шести городов Восточного Туркестана в 1858 – 1859 годах // Сочинения



Чыгыш Түркстанда дипломатиялык кызматта жүргөн орус консулдарынын эмгектерин да маанилүү тарыхый булактардын катарына кошпой коюга болбойт. Алардын өлкөдө көп жолу болушу, жаныбарлар, өсүмдүктөр дүйнөсү жөнүндө, региондогу уникалдуу маалыматтарды чогултушу край жөнүндөгү биздин билимибизди бир топ байытат. Маселен, эң бай илимий мурас калтырган консул Н.Ф.Петровский, Чыгыш Түркстандын илимий казынасына окумуштуулар дүйнөсүн көңүл буруuга мажбурлаган эң биринчи адис болгон. Ал жергиликтүү калктан археологиялык жана байыркы баа жеткис материалдарды сатып алып, өзүнүн коллекциясын чогулткан. Жыйырма жыл Кашкардагы Генералдык консулчулуктун башында туруп, Н.Ф.Петровскийдин жергиликтүү бийлик менен дипломатиялык чөйрөдө авторитети чоң болгон. Аны «жарым падыша» деп коюшкан.[1] Н.Ф.Петровскийдин Кашкардагы китепканасында Борбордук Азия боюнча бир жарым миң том уникалдуу чыгармалар топтолгон. Анын архиви алигиче изилдене элек. Ал жыйнаган археологиялык коллекциялар жана байыркы кол жазмалар азыркы күндө Санкт-Петербургдагы мамлекеттик музей Эрмитажда сакталып турат. XIX кылымдын экинчи жарымында жана XX кылымдын башында Англо-Россия аскердик саясий чөйрөсүндөгү регионалдык атаандаштык Чыгыш Түркстан аймагын ар тараптан изилдөө боюнча зор натыйжа берген. Орус изилдөөчүлөрүнүн экспедициялары аскердик-чалгындоочулук максатты көздөгөндүктөн, алар жыйнаган маалыматтар ачык

---

Ч.Ч.Валиханова. Зап.РГО по отд.этнография – 1904. – Т.29. – С. 398; *Куропаткин А.Н.* Кашкария, историко-географический очерк страны, ее военные силы, промышленность и торговля. – Спб: Императорского рус. географ. об-ва, 1879. – С.275; *Штунбендорф О.* Астрономические определения подполковника Б.Л.Громблечевского во время путешествия на Памир, в Дарбаз, Раскем, Кашгарию и Северо-Западный Тибет в 1889 – 1890 годах // Известия императорского русского географического общества, 1895. – Т.31. – Вып.4. – С. 391; *Григорьев В.В.* Дополнения. (К кн. К.Риттер Землеведение. География стран Азии, находящихся в непосредственных сношениях с Россиею). – Спб., 1873. – Вып. 2. – 1873. *Грум-Грижимайло Г.Е.* Описание путешествия в Западный Китай. – Спб; Имп.русское географическое общество, 1896. – С. 21. *Литвинский Б.А.* Исторические судьбы Восточного Туркестана в Средней Азии // Восточный Туркестан. – М., 1984. *Корнилов А.* Кашгария или Восточный Туркестан. Опыт военно-статистического описания. – Ташкент, 1903; *Пржевальский Н.Н.* От Кульджи за Тянь-Шань и на Лоб-нор. – М., 1947; *Федченко А.П.* Путешествия в Туркестан (1868-1871). – М., 1950.

[1] *Петровский Н.Д.* Отчет общества археологии, истории и этнографии при Императорском Казанском университете за 1897 год. – Казань, 1898. – С.17.

жарыяланган эмес. Бүгүнкү күндө Россия мамлекетинин архивинде сакталган бай материалдар кийинки изилдөөчүлөр тарабынан изилденип, бул кемчиликтин ордун толтуураары талашсыз.

XIX кылымдын экинчи жарымында Чыгыш Түркстанга байланышкан маанилүү илимий маалыматтар европалык изилдөөчүлөргө да таандык. Аларга А.Шлагинтвейт (Германия), А.Грюнведель, П.Пелльот (Франция) кирет. Чыгыш Түркстандын территориясынын дээрлик баарын изилдеп, 20 га жакын китеп жазган англиялык окумуштуу Аурел Стейндин үч экспедициясы (1900—1901, 1906—1908, 1913—1915-жж.) өзгөчө белгилүү жана натыйжалуу болгон[1].

Советтик тарых таанууда Кытайдагы кыргыз диаспорасынын тарыхы үзүл-кесил маалыматтар менен гана чектелген. Маселен, белгилүү этнограф С.М.Абрамзон Синьцзян кыргыздары жөнүндөгү алгачкы илимий эмгегинде, кытай жергесиндеги кыргыздардын жалпы абалы, салт-санаасы, маданияты баяндалат.[2]

Кыргыз окумуштууларынан алгачкылардан болуп, А.Абышкаевдин «Каратегинские киргизы в конце XIX начале XX века»[3] аттуу эмгеги 1965-жылы, ал эми Э.Ж. Маанаевдин Памир кыргыздарынын тарыхына тийешелүү илимий эмгеги 1969-жылы, 1983-жылы В.М.Плоских менен бирдикте Памир—Алай кыргыздары жөнүндө экинчи илимий эмгегин жарыялаган[4].

Бул окумуштуулардын эмгектери чет өлкөлөрдө жашаган кыргыздар жөнүндө эң жогорку адистик деңгээлде даярдалган изилдөөлөр катары Кыргызстандын тарыхнаамасына кирген.

---

[1] *Grunwedel A. Altbuddhistishe Kultstatten in Ost-Turkestan Berichte uben archaologishe Arbeitten von 1906*–1907 bei Keka und Turfan, Grunwedel. – Berlin, 1990; Peliot P. Un traite manicheen retrouve in Chine. – JA, 1913; Schlagin Weit, A. Die Konige Von Tidet Von der Entstehung Koniglicher Macht in Jarlung bes zum Erlishen in Labak. Munhen, 1866; Stein A. Serinda. Detailed Report of Explarations in Central Asia and Westernmost China. Vol. 1-5. Ox., 1921; *Кочергина Н.П.* Аурел Стейн и его исследования Восточного Туркестана // Восточный Туркестан и Средняя Азия. – М., 1984. – С.189

[2] *Абрамзон С.М.* Киргизское население Синьцзян-Уйгурской автономной области Китайской Народной Республики // Труды киргизской археолого-этнографической экспедиции. – М., 1959. – Т.2. – С.348.

[3] *А.Абышкаев.* Каратегинские киргизы в конце XIX — начале XX века. — Фрунзе, 1965. — С. 5

[4] *Маанаев Э.Ж.* Кыргызстандан тышкары жашаган кыргыздардын тарыхынан. – Фрунзе., 1969. – С. 8; *Маанаев Э., Плоских В.* На крыше мира. – Фрунзе, 1983. – С. 5.



1992-жылы чет өлкөлүк кыргыз диаспорасы жөнүндө илимий популярдуу очерки автордук жамаат менен бирдикте эмгек жарык көргөн[1]. 1994-жылы Н.К. Керимбекова «История формирования этнополитической территории Кыргызстана» (XVIII—XIXкк.) деген темада коргогон кандидаттык диссертациясында чет жерде жашаган Памир кыргыздарына, анын ичинде Ооган кыргыздарына токтолуп кеткен. 1997-жылы тарыхчы А.Турдуева Синьцзян кыргыздарында болуп, илимий иликтөө жүргүзүп, бул боюнча атайын китеп жарыялаган. Анын эмгегинде кытайдагы кыргыздардын социалдык абалы, социалдык турмуштун негизи катары экономикалык өнүгүү талдоого алынган[2].

Кытай Эл Республикасындагы этникалык кыргыздар жашаган аймактарда 2006-2007-жылдары тарых илимдеринин доктору, профессор, КР УИАнын мүчө-корреспонденти А.А.Асанканов эл аралык этнологиялык экспедицияны уюштурган. Экспедициянын курамына Тажикстандан А.Саидов, Өзбекстандан Х.Матбабаевдер катышып, Ч.Валихановдун Чыгыш Түрстанга жасаган экспедициясынан 150 жылдан кийинки мезгилге туура келген. Аталган экспедициянын материалдары бир канча макалалардын негизинде жарык көргөн[3].

Кецеш Жусуповдун редакциясы менен жарык көрүп жаткан «Кыргыздар» китебинин III томунда Кытай кыргыздары жөнүндө жалпы маалымат берилген болсо, IV тому толугу менен Кытай кыргыздарына арналган[4].

Чет өлкөлүк тарыхчылар, этнографтар жана тюркологдордон Ф.Прайс (Британия парламентинин мүчөсү, этнолог), Г.Лиас (англиялык), Л.Бенсон (швед этнологу), Р.Дор (француз тюркологу), Н.Шахрони (америкалык антрополог), Гундулла Салк (Голландия тюркологу), Лай Йиң (кытай окумуштуусу) ж.б. Кыргызстандан тышкары жашаган кыргыздардын тарыхына көбүрөөк кызыгышып,

---

[1] *Керимбекова Н,.Конкобаев К. Мокрынын В., Плоских В., Шаршеналиев Ж.* Кыргызская диаспора за рубежом . – Бишкек, 1992. – С. 8.

[2] *Турдуева А.* Кытайлык кыргыздардын социалдык-экономикалык абалы (1950 – 1990-ж.ж.). – Бишкек, 2001.

[3] *Асанканов А.А.* Через 150 лет по следам Ч.Валиханова.// Слово Кыргызстана – 2007, 10 августа: ошол эле. Памирские кыргызы // Слово Кыргызстана. – 2008, 27.февраля, и др.

[4] Кыргыздар: Санжыра, тарых, мурас, онор. – Бишкек, 1996. –Т. III; Кыргыздар: Кытайдагы кыргыздардын санжырасы, тарыхы, мурасы жана салты. – Бишкек, 1997. – Т. IV.

кеңири изилдөө жүргүзгөнүн баса белгилей кетүүбүз абзел. Алардын эмгектеринде Синьцзяндагы саны аз элдерге карата кытай мамлекетинин саясаты жана ошондой эле кыргыздардын саясий-экономикалык абалы, маданий деңгээли кеңири чагылдырылган[1].

Кытайлык кыргыздардын этносаясий, этнодемографиялык, социалдык-экономикалык абалын изилдеген чет өлкөлүк тарыхчылар, этнографтар жана тюркологдор аларды өзүнчө этникалык топ деп эсептешет.

Ал эми кытайлык окумуштуу Анвар Байтур кыргыз тарыхын жазуу үчүн Синьцзяндагы кыргыз райондорун толук кыдырып, иликтеп чыккан. Натыйжада ал кытайдагы кыргыз жазма маданиятын терең изилдеп, анын өнүгүшүндөгү баскычтарды талдап жазган. А.Байтурдун «Кыргыз тарыхынын лекциялары» аттуу эки томдуу эмгегин Синьцзян кыргыздары гана эмес, жалпы түрк элдери жөнүндөгү баалуу илимий эмгек катары бааласак болот[1].

Ал эми кытайдагы кыргыздардын салт-санаа, каада-салттары боюнча М.Эминалынын «Торколуу той, топурактуу өлүм», билим берүү системасынын өнүгүшүнө арналган Абдыкерим Абдылданын «Агартуу тезкиреси», руханий маданиятын чагылдырган М.Мамбетакун менен Кайрат Токомбайдын «Кыргыздын жөрөлгөлүү илим-техника маданияты» деген чыгармалары диссертацияны жазууда кеңири колдонулду.[2]

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Адам баласынын тарыхында этникалык белгилерди бекемдөөчү жана өнүктүрүүчү бул элдик маданият. Маданият элдик аң-сезимдин өнүгүшүнө кубаттуу өбөлгө болот. Ошондуктан илимий иштин негизги максаты кытайлык кыргыздардын маданий дөөлөттөрүнүн 1949-2004-жж. абалын изилдөөгө багытталган. Кытайлык кыргыздардын руханий маданиятынын изилдөөдө, кытайлык кыргыздар негизинен

---

[1] *Price. Ph.* The Great Kazakh Epic//RCAS/1954/ Vol.Li.Pt. III-IV.-P.252; Lias Y. Kasak Nomas struggle against communists//The Tlmes. 1955/ p.17-18, February; Kasak Exodus L, 1956. – P; *Реми Дор.* Ооган Памириндеги кыргыздар. – Бишкек, 1993; M.Nazif Monib Shanrani. The Kyrgyz and Wakki of Afganistan Adaptatilon mo closed Fponteirs. – London, 1975; *Гундулла Салк.* Оогандан оогандар // Кыргыз маданияты. – 1993, 22-декабрь; *Лай Йин.* Манастын трагедиялык асемдиги // Кыргыздар. — Бишкек, 1997. — Т. VI.

[2] *Байтур Анвар.* Кыргыз тарыхы лекциялары. – Бишкек, 1992.

[3] أبدىقەرىم أبدىلدا. قىزىلسۇۋ اگىرتۇۋ تەسقىرەسى – ئارتىش: قىزىلسۇۋ قرعىز باسماسى/ – 2001. – 68-б.(араб арибинде); مامبەتقازى مىنالى.تورقولۇۋ توي.توپۇراقتۇۋ ولۇم.- ۋرۇمچۇ: شىنجاڭ مامبەتۇردۇ مامبەتاقۇن. قايرات توقونباي. قىرعىزداردىن جوررولگولۇۋ ...ل باسماسى 1982. – 39-б. ىلىم – تەحنىكا مادانىياتى.- ۋرۇمچۇ: حۇجتۇ باسماسى. 2001.–5-б.



Кызылсуу кыргыз автономиялык областында аймакташып жашагандыктан, илимий иш **Кызылсуу кыргыздарынын мисалында** иликтенди.

**Диссертациялык иште төмөнкүдөй милдеттер аныкталган:**

- кытайлык кыргыздардын тарыхын жана руханий дөөлөттөрүн Кыргызстан тарыхынын бир бөлүгү катары кароо;
- синьцзяндагы кыргыздардын билим берүү системасынын калыптанышын жана өнүгүшүн анализдөө аркылуу кытайдагы кыргыздардын билим деңгээлин аныктоо;
- кытайлык кыргыздардан чыккан алгачкы агартуучуларына жана «Маданий революциянын» тийгизген кесепеттеринен жок кылынган чыгаан атуулдардын ишмердиктерине мүнөздөмө берүү;
- кытайлык кыргыздардын тилинин жана адабиятынын калыптанышынын өзгөчөлүктөрүн көрсөтүү; кыргыз маданиятынын дөөлөттөрүнүн бири болгон «Манас» эпосунун варианттарына жана аны изилдеген кытай окумуштууларынын эмгектерине баа берүү аркылуу кытайлык кыргыздардын илим изилдөө иштеринин абалын көрсөтүү;
- боордошторубуздун оозеки чыгармачылыгын, салт-санаасын, адеп-нравалык изги жолун, адам ариетин, өздүк көркөм чыгармачылыгынын, театр жана киноискусствосунун калыптанышы анын руханий дөөлөттөрүн чагылдыруу.

**Изилдөөнүн объектиси:** Кытай Эл Республикасында жашаган кыргыздардын руханий маданиятынын абалы негизинен Кызылсуу кыргыздарынын мисалында изилденет.

*Хронологиялык алкагы:* 1949-жылы Кытай Эл Республикасынын негизделишинен жана 1954-жылы Кызылсуу Кыргыз автономиялык областы түзүлүп, ошондой эле 2004-жылы областтын 50 — жылдык маарекеси белгиленген мезгилдерди өзүнө камтыйт.

**Диссертациянын теориялык методологиялык негизин** тарыхый объективдүүлүк, тарыхый логикалык жана таанып билүү принциби, социалдык, системалык-статистикалык, тарыхый салыштырмалуу талдоо жүргүзүү жана башка маанилүү ыкмалардын жыйыны түздү. Дүйнөлүк илимде топтолгон коомдук процесстерди анализдөөнүн теориясы жана методологиясы менен изилдөө жүргүзүлүп, Кыргызстандан сырткары жашаган кыргыздардын маданий деңгээлин изилдөөдө, реалдуу мазмунунун ачып көрсөтүүгө аракет жасалды.

**Илимий иштин негизги булак базасы:**

• Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүк алгандан тартып, чет өлкөлүк кыргыздар менен социалдык-экономикалык жана маданий байланыштарды кеңири жайылтуунун негизги стратегиясы, Мамлекеттик деңгээлдеги иштелип чыккан атайын программалар сыяктуу баалуу сунуштар негизги көрсөткүч катары кабыл алынды;

• кытайдан басылып чыккан илимий энциклопедиялык эмгектер: «Кызылсуу автоном областындагы улуттардын тескиреси» (Кызылсуу кыргыз басмасы. 1992-жыл); «Синьцзяндагы улуттардын тарыхы» (Шинжан эл басмасы. 1991); энциклопедиялык жыйнактардан; «Кызылсуунун 50 жылдыгы» (1954—2004 статистикалык жыйнак) аттуу жыйнак (Синьцзян эл басмасы. Үрүмчү. 2004);

• Кызылсуу Кыргыз автоном областынын агартуу идарасынын архивдик материалдары жана кытайда жашаган инсанаттардын жеке интервьюлары;

• кытайдагы басма маалымат каражаттары: «Кызылсуу гезити», «Кызылсуу кыргыз адабияты», «Синьцзян адабияты», «Памир», «Тил жана котормо», «Шинжан кабарлары» басма сөз маалыматтарынын бетинде жарык көргөн илимий макалалар пайдаланылды;

• бул иштин автору бир канча жолу Синьцзяндын Кызылсуу Кыргыз автоном областынын айылдарында этнологиялык экспедиция уюштуруп, элдин арасында болуп, алардын арасында айлап жашап, элдин маданиятын өз көзү менен көрүп, алар менен баарлашып, анын жыйынтыгында илимий иште кеңири колдонуп, Кызылсуу Кыргыз автоном областынын борбору Артыш шаарында жана Үрүмчү шаарында, Улуучатта жана Акчийде иштеген;

• диссертацияда Кыргызстандан басылып чыккан кытайлык кыргыздар жөнүндөгү илимий, илимий-популярдуу жана басма сөз беттеринен кытай кыргыздарына таандык материалдар талданып, илимий иште кеңири колдонулду.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Эгемендүүлүктүн мезгилинде кытайлык кыргыздардын тарыхы Кыргызстан тарыхынын бир бөлүгү катары жалпы маалымат берүүчү энциклопедиялык басылмаларга, окуу китептерине жана окуу куралдарына да киргизилип, окуучулар менен студенттерге жалпы эле кыргыз элинин тарыхына кызыккандарга белгилүү болуп калды. Ошондой болсо дагы 1949-2004-жж. аралыгында Кытайлык кыргыздардын маданиятын тарыхый аспектте комплекстүү түрдө, атайын изилдөө иштери жүргүзүлө элек.



Кыргыз тарыхнаамасында «Кытайлык кыргыздардын руханий маданияты» (1949-2004-ж.ж.) биринчилерден болуп диссертациялык деңгээлде изилденди. Илимий изилдөөдө Чыгыш Түркстандын тарыхына кыргыздардын тийгизген таасири, жалпы маданий абалы, билим жана илимий изилдөөлөрдүн деңгээли, каада-салттардын сакталышы жана жаңы салттардын пайда болушу, көркөм өнөрү жана театр маданиятынын өнүгүшү чагылдырылды.

**Диссертациялык иштин илимий-практикалык мааниси**: Илимий иштин жыйынтыктары кытайлык кыргыздардын этникалык тарыхын, дүйнөгө болгон көзкарашын, маданиятын жана искусствосун окуп үйрөнүүгө өбөлгө түзөт. *Кытай кыргыздарынын маданияты тууралуу маалыматтар, кыргыз этнографиясы* кыргыз маданият тарыхы боюнча эмгектерди жазууда; жогорку окуу жайларында, орто мектептер үчүн окуу куралдарды түзүүдө; атайын курстарды, семинарларды, дарстарды уюштурууда; кыргыз элине жалпы эле кытайлык кыргыздар жөнүндө маалыматты массалык маалымат каражаттарында кеңири таанытууда колдонулат.

**Диссертацияны коргоого чыгаруунун негизги жоболору**:

• кытайлык кыргыздар Кытай Эл Республикасындагы 56 улуттун бири болуп эсептелип, улуттук аң-сезимин, руханий маданиятын да сактап келет. Атамекен тарыхынын бир бутагы катары кытайлык кыргыздардын руханий маданиятын изилдөө Кыргызстандын историографиясында актуалдуу маселелердин бири;

• кыргыздардын тарыхын изилдөөдө азыркы Синьцзян кыргыздары менен фу-йү кыргыздары, тувалыктар, хакастар, башкырлар, алтайлыктар, сары-уйгурлар, лобнорлуктар, уйгурлар, казактар ж.б. элдер менен кыргыздардын этногенезин бирдиктүү кароо зарылчылыгы пайда болду. Бир катар түрк элдеринин этногенезинин калыптануу процессинде кыргыздар Итилде-башкырларга; Крымда, Астраханда — ногойлорго, казактарга, өзбектерге, каракалпактарга, уйгурларга; Алтайда — кижилерге; Монголия, Якутияда — сахаларга жуурулушуп, айрымдары бул жуурулушуудан кийин да «кыргыз» атын сактап калган. Манжуриянын фу-йү кыргыздары өздөрүн алигиче «кыргыз» деп атап келишет; Кытай Эл Республикасында жашаган кыргыздардын мамлекеттеги калктын санынын көп экендигине карабастан этнос катары сакталып, аларга жуурулуп сиңип кетпей өздөрүнүн этнопсихикалык, этносоциологиялык белгилерин, маданияттын жана үрп-адаттарын, өзгөчөлүгүн жана руханий дөөлөттөрүн өнүктүрүп келе жатышат;

- изилденип жаткан мезгилде коомдук-саясий жана экономикалык мамилелердин карама-каршы жана татаал жагдайы, билим берүү системасынын, адабиятынын, илим жана искусствонун өнүгүшүнө терс таасирин тийгизген;
- КЭР аз сандагы улуттардын маданиятын көтөрүү маселесин жолго коюу шарапаты менен бүгүнкү күндө кыргыз улутундагы жаш муундардын билиминин өсүп бара жаткандыгы айкын көрүнөт; Кытай Эл Республикасы менен Кыргыз Республикасынын ортосунда билим берүү тармагында тыгыз кызматташуу байкалат;
- кытайдагы көөнө тарыхый булактар, андан сырткары кытайлык тил илиминин жана адабиятынын, «Манас» эпосунун изилдөө проблемалары жалпы кыргыз историографиясына маанилүү салым кошот;
- кытайлык кыргыздардын руханий маданиятында оозеки чыгармачылыгы, каада-салты, элдик оюндары жана көркөм өнөрү алардын аң - сезиминде белгилүү таасирин тийгизип, муундан-муунга өткөрүп келет.

**Иштин апробацияланышы.** Изилдөөнүн негизги натыйжаларын чагылдарган тыянактар Бишкек, Алматада өткөрүлгөн III эларалык, 6 респуликалык илимий-практикалык конференцияларда чыгарылган. Диссертация боюнча жалпы 14 илимий макала, 3,76 басма табак көлөмүндө жарык көргөн.

**Диссертациянын түзүлүшү**. Кириш сөздөн жана 3 главадан, илимий иштин жыйынтыгынан, колдонулган адабияттардын тизмегинен турат. Илимий иш 198 беттен жана 323 сандагы пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

Диссертациянын кортундусунда илимий изилдөөнүн негизги жыйынтыктары көрсөтүлдү.

## ИЛИМИЙ ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Киришүүдө теманын актуалдуулугу, максаты жана милдеттери, изилдөө жагдайы жана булактары, иштин практикалык баалуулугу баяндалат.

*Биринчи глава «Кытайлык кыргыздардын жалпы абалы»* деп аталып, кытайлык кыргыздардын жалпы басып өткөн жолу жана маданий абалы илимий талдоого алынды.

Изилдөөгө алынган маселени системалуу түрдө иликтөө менен бирге Чыгыш Түркстандагы кыргыздар байыртадан эле ал чоорлордо байырлаган калк катары далилденди. Тарыхый маалыматтарда «Серика», «Кашкария», «Чыгыш Түркстан»,



«Батыш край», «Кытай Түркстан» деп аталып, бул аймакта байыркы мезгилден тартып эле жашагандыгы тастыкталды.

XIII кылымдын акырында Енисей кыргыздарынын бир бөлүгү Кытайдын түндүк-чыгыш тарабындагы Хэйлунцзян (Хыйлуунжан) аймагына көчүрүлүп келгендиги «Юань-шиде» баяндалат (аталган кыргыздар фу-йу кыргыздары жөнүндөгү маалымат болуп эсептелинет).

Миң доорунун тарыхый даректеринде калмактар Чыгыш Түркстан кыргыздарын Дөрбөлжүн уездиндеги Тарбагатайга караштуу Оркошар деген жерге күчтөп көчүрүшкөндүгү маалымдалат. Кыргыздарды мындай ассимилизациялоо XVIII кылымдын орто ченине чейин улантылган.

XVIII кылымдын 50-жылдары «Актоолу» жана «Каратоолу» кожолордун күрөшү Аксуу, Акчий, Үчтурпан, Кашкар, Жаңы шаар, Хотан кыргыздарына тийгизген таасири чагылдырылган. Натыйжада Чыгыш Түркстан кыргыздары Чын империясынын букаралыгына өтүп, «Синьцзян» саясий-административдик түзүлүшү пайда болгон.

XIX кылымдын 20-жылдарында «Бэйжин келишими», «Батыш Түндүк райондор чек арасын бекитүү келишими», «Тарбагатай чек ара келишими» жана «Жунго-Орусия Или токтому» келишимдеринин негизинде кыргыздардын негизги бөлүгү Орусияга, экинчи тобу Чын империясына (Кытайга) карап калды. Ушул мезгилден тартып кыргыз тарыхында кытай букаралыгын тааныган «кытайлык кыргыздар» деген ат менен белгилүү боло баштаган. Бирок, Орусия кыргыздары менен Чын империясынын кыргыздарынын ортосундагы байланыштар биротоло үзүлбөстөн, мурдагыдай эле улана берген. Мисалы: 1916-жылдагы улуттук боштондук күрөштө жеңилген кыргыздар Какшаал, Үчтурпан, Аксуу, Абай, Бай, Куча шаарларына жана Боздоң айылдарына кире качышкан. Кытай тарыхчысы Анвар Байтур 200 миңден ашык кыргыз Кытайга качып баргандыгын белгилеген. Качкын кыргыздардын басымдуу бөлүгү Кыргызстанга Совет бийлиги орногондон кийин кайтып келишкени тарыхта белгилүү.

Арийне совет бийлигине каршы саясий көтөрүлүштөрдүн негизинде 1920-1930-жылдары «басмачылык кыймылдын» катышуучулары Рахманкул, Жаныбек казы, Абдылда, Кулчундар чек араны бузуп, Кытайга өтүп кетишкен. Белгилүү казалчы Мамбетемин (Күчүк) уулу Казыбектин 1931—1934-жылдарга чейин Кытайда жашагандыгы тууралуу маалыматтар кездешет. Акындын ырлары кытай кыргыздарынын арасында бүгүнкү күнгө чейин айтылып жүрөт.

Ал эми Кытай кыргыздары 1911-жылдан тартып, Йан Зиншин, Чыншун, Шын Шысай жана Ву Жуншин сыяктуу милитаристтик бийлик доорун баштарынан өткөргөн. 1931-жылы эзүүдөн жапа чеккен эл Кытайдын аскердик-феодалдык өкмөтүнө каршы көтөрүлүшкөн. Кыргыз жаштарынан атайын отряд уюштурулуп, ага Ыскакбек Монуев жетекчилик кылган. Ыскакбектин кол башчылыгы астындагы элдик кошуун гоминданчылардын жөө аскерлерине жана авиациялык бөлүктөрүнө чоң сокку урган.

1944-жылы Иле, Тарбагатай жана Алтай аймактары гоминданчылардан биротоло бошотулуп, Чыгыш Түркстан Республикасынын бириккен өкмөтү түзүлгөн. Элдик кыймылдын лидерлери уйгур А.Касимов, казак Д.Сугурбаев, кыргыз генерал-майор Ы.Монуев ж.б. авиакатастрофадан курман болушкан.

1954-жылы ККП БКнын чечими менен Кытайдагы кыргыздардын негизги бөлүгү жашаган Синьцзяндын Кызылсуу кыргыз автономиялуу областын түзүү чечими чыгарылган. Бүгүнкү күндө кыргыздар Кытай Элдик Республикасындагы 2000-жылдагы (5-жолку) эл каттоонун статистикалык маалыматтарына караганда кытайдагы кыргыздардын жалпы саны 160 823 жеткен. Алардын 77,4% СУАРдын Кызылсуу кыргыз автономиялык областында жашайт. Аз сандагы кыргыздар Кытай мамлекетиндеги түндүк бөлүгүндө —Хыйлун-Цзян провинциясынын Фу-йу уездинде, Тибетте, Кулжа, Лобнордо жана башка аймактарда орун алышкан. 2002-жылы статистикалык маалыматтын көрсөткүчтөрүнө таянсак, Кызылсуу областында 451 946 адам жашап, анын 131 999 кыргыз улутундагылар. Алар областтык жалпы адам санынын 29,21% түзөт. Кызылсуу областындагы кыргыздар негизинен Улуучат, Акчийде жайгашкан. 2002-жылдагы маалыматтар боюнча Улуучат районундагы жалпы адам саны 44 603. Анын 32 233 (72,27%) кыргыздар. Ал эми Акчий районундагы 34728 адамдын 31 233үн кыргыздар. Ал эми Акчий районундагы 34728 адамдын 31 233үн калктын 90,22% кыргыздар түзөт. Башкача айтканда жалпы калктын 90,22% кыргыздар түзөт. Кызылсуу кыргыз автономиялык областынын аймагынан тышкары жерлерде да улуттук автономиялык айылдар бар. Или-Казак автономиялык областына караштуу Текес районундагы Көк терек, Монгол Күрөөдөгү Шаты, о.э. Кашкар аймагына караштуу Ташкоргон автономиялык районунда Көкжар, Аксуу аймагына караштуу Боздоң жана Жамансуу, Хотен аймагына караштуу Гума районундагы Кенкыр кыргыз улуттук автономиялык айылдарында жашашат. Кыргыздар Синьцзян-Уйгур автономиялык районунун составына кирип, негизги этникалык топтор: уйгурлар, казактар, өзбектер, монголдор, сиболор, ханзулар, манжурлар ж.б. улуттар



менен бирге Кытай Эл Республикасынын аз сандуу элдин катмарын түзүшөт.

Кытайлык кыргыздардын жалпы маданий абалына жараша структуралык жана сапаттык өзгөрүүлөр болуп жаткандыгы белгиленет. Жалпы маданиятты көтөрүүдө, маалымат жана байланыш түйүндөрүнүн ролу көрсөтүлгөн. Кытай кыргыздарында 1949-жылга чейин байланыш тармагы өнүккөн эмес. Кат кабарларды ат менен жеткиришкен. 1979-2003-ж.ж. чейинкин мезгилде байланыш түйүндөрү автоматташтырылып, айыл-кыштактарда да, телефон линиялары орнотулган.

Радио жана теле берүү иштери жолго коюлуп, 2004-жылдан тартып радио программалары 2075 саатка жеткирилген. Ал эми теле берүү иштери 1987-жылы гана негизделип, аз убакыт ичинде «Кызылсуу кабарлары», «Жуңгого назар» программалары көгүлтүр экрандан оорчунду орунду алган.

Калктын саламаттыгын сактоо жана жакшыртуу жагдайы да жолго коюлган. Дарылоо мекемелери, оорууну алдын алуу, балдарды эмдөө, ден-соолугун чыңдоо жайлары калкка медициналык жардым көрсөтүп келишет. Кытайлык кыргыздардагы саламаттыкты сактоо мекемелеринин материалдык-техникалык базасы чыңдалып, жогорку жана атайын орто билимдүү медициналык кызматкерлердин саны өскөн. Илимий иште маданияттын маданий-агартуу, китепкана жана кинотеатрларды өнүктүрүү маселеси аныкталды.

*Экинчи глава «Билим берүү жана илим деңгээли»* деп аталып, 1949-жылга чейинки билим берүүнүн калыптанышы, алгачкы көчмөн мектептердин абалы, тунгуч агартуучулардын ишмердүүлүгү жана ошондой эле 1949-жылы Кытай Эл Республикасы негизделгенден тартып, билим берүү системасынын жаңы нукка бурулушу өзгөчө «чатыр мектептердин» иштери талдоого алынды. Кызылсуудагы кыргыздардын мектепке чейинки, башталгыч жана жалпы толук билим берүү системасынын өнүгүшү, ошондой эле орто даражалуу жана жогорку окуу жайларында окуган кыргыз жаштарынын абалы изилденди. Кытай Эл Республикасында аз сандагы улуттардын билим берүү жагдайын көтөрүү маселесин жолго коюу шарапаты менен бүгүнкү күндө кыргыз улутундагы жаш муундардын билимин өркүндөтүү деңгээли өсүп бара жаткандыгы көрсөтүлдү.

Кыргыз мамлекети башка өлкөлөрдөгү диаспора коомчулугу менен, атап айтсак, 1994 - жылдын 6-октябрында «Чет өлкөдө жашаган теги кыргыз өкүлдөрүнө социалдык-экономикалык жеңилдиктерди берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын

Өкмөтүнүн токтому кабыл алынган. Ал эми 2001-жылы 31-августта «Тарыхый Мекенине кайтып келип жаткан кыргыз этносундагыларга колдоо көрсөтүү боюнча чаралар» жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтому жарыяланган. Ал эми билим берүү жана маданият тармагында тыгыз байланыш түзүү максатында, «Чет өлкөдө жашап жаткан мекендештерге билим берүү жана улуттук маданият маселелеринде колдоо көрсөтүү боюнча чаралары жөнүндөгү токтомуна ылайык чет өлкөдөн келген кыргыздарга Билим берүү министрлиги жыл сайын бюджеттик орунга 75, ал эми КЭРдин кытайлык кыргыз абитуриенттерине 20 квота берүү каралган.

Кызылсуу кыргыз адабиятынын өнүгүшүнүн негизги баскычтары талдоого алынып, биринчи баскычта кытайлык боордошторубуз кыргыз оозеки адабиятына таянып, мурдагы совет кыргыз адабиятынын таасири жана уйгур адабиятынын өзгөчөлүктөрүн кабыл алган болсо, экинчи баскычында 1949-жылдан тартып бүгүнкү күнгө чейинки кытай — кыргыз адабиятынын өнүгүшүндөгү жаңы өзгөчөлүктөр чагылдырылган. Диссертацияда бул баскычтын биринчи доорунда «Маданият көңтөрүшүнө» чейин болгон аралыкта кытай кыргыз адабияты тез темп менен өнүккөнү, ал эми 1959-жылдан тартып «Оңчул, солчул» деген сыяктуу ар түрдүү саясий кыймылдардын себебинен басаңдаган. Саясий трагедиялардын бири деп аталган «маданият көңтөрүшү» мезгилинде кыргыз адабияты өтө кордолуп, «Пролетариат көсөмдөрү», «Улуу Пекинге» багышталган революциялык ырлардан башка адабий чыгармалар жаралбагандыгы, уйгур, кыргыз, казак сыяктуу адабияттын өкүлдөрү куугунтукка алынганы далилдүү фактылар менен көрсөтүлгөн.

Изилдөөлөр Кытай кыргыз адабиятынын жаралышы жана өнүгүшү татаал саясий-коомдук, экономикалык жана маданий байланыштардын карама-каршылыктуу мезгилин башынан өткөргөнүн, «маданият көңтөрүшү» жылдарында (1963—1979-ж.ж.) кыргыз жазуусу колдонулуудан четтетилгенин, 1979-жылы чакырылган Кытай партиясынын 11-кезектеги 3-жалпы жыйналышынан кийин, улуттук саясаттагы өзгөрүүлөр кыргыз тил — жазуусунун кайрадан калыбына келтирилишин чагылдырган.

Кытайлык кыргыздардын улуттук жазуусунун өнүгүшүнө кыргыз басма сөзүнүн тийгизген таасири аныкталып, «Кызылсуу кыргыз гезити», «Синьцзян кыргыз адабияты» (бүгүнкү күндө «Памир» деген ат менен чыгууда) журналы, «Тил жана котормо» журналы, Синьцзян окуу агартуу басмасы, Кызылсуу кыргыз



басмасы, Илимий жалпылаштыруу басмасы кытайлык кыргыздардын маданий мурастарына изилдөө жүргүзүү менен бирге, басмадан чыгаруу иштерине кошкон салымы белгиленди.

Илимий иште «Манас» эпосунун кытайлык кыргыздардагы негизги варианттары жана изилдөө абалын да иликтеп чыгууга далалат жасадык. Кызылсуу кыргыз автоном областында залкар манасчы Жусуп Мамай баштаган Эшмат, Орозо Кадыр, Осмон Намаз, Мусса Якуп (уйгур) ж.б. көптөгөн манасчылардын варианттарына токтолуп, бүгүнкү күнгө чейинки белгисиз болгон, Мамбеттокту Саяктын вариантын да чагылдырууга аракет кылдык.

Илимий-изилдөөнүн абалын чагылдырууда кытай кыргыздарындагы тарых илиминин изилденишине белгилүү тарыхчы Анвар Байтурдун, Кайрат Токомбай, Мамбетурду Мамбетакун, Эсен Айсалардын эмгектери талданып, алардын кыргыз тарыхын изилдөөгө кошкон салымдарына баа берилди.

*«Кытайлык кыргыздардын руханий маданиятынын айрым өзгөчөлүктөрү» деп аталган үчүнчү главада* элдик оозеки чыгармалчылы, каада-салттарынын сакталышы, театр, киноискусствосунун калыптанышы жана өздүк көркөм чыгармачылыгынын өнүгүшү талкууга алынган.

Маданий байлыктын мурасы оозеки чыгармачылык өнөрү этностун тарыхы менен жаралып, ошол элдин басып өткөн тарыхый жолун тагдырын чечип берген, адабий летописи катары көрсөтүүгө арналган. Ар бир этнос өзүнүн ички структурасына жана жүрүм-турумунун кайталангыс стереотибине ээ. Бир региондо жашаган эки этноско таандык элдердин конкреттүү мисалы — кыргыздар менен уйгурлардын баалуулуктардагы мамилесинин калыптандыруучу жашоо мүнөзүнүн таасири, белгилүү шарттарда алардын этникалык жагдайларынын спецификалык касиеттерин өнүктүрүүчү өзгөчөлүктөрү чагылдырылды.

Адам баласынын рухун калыптандыруу, этностук аң-сезимдин элементтерин жаратуу элдик оозеки чыгармачылыкта көрүнөт. Кыргыз элинин оозеки маданияты эволюциялык жашоо шарттарынын өнүгүүсүнөн жаралып, макал-лакаптар, жомоктор, элдик ырлар менен сакталып келе жаткандыгы мисалдар менен белгиленди.

Кытайлык кыргыздардын макал-лакаптарын коомдук турмуштагы, тарыхый жана илим-өнөрдөгү ролуна жараша каралды. Жөө жомокторду жаратуучу — эл болгондугу белгилүү. Эл жөө жомокторду жаштарга тарбия берүүдөгү маанисине карай баа беришкен. Ар бир элдин өзгөчө бир идеалы болот. Ал идеалда элдин мүнөзүнө шайкеш келип, анын коомдук турмушу менен аныкталып,

өнүгү процесси менен кошо өнүгөт. Аны аныктоо жана тактоо ар бир элдин оозеки чыгармачыгы эң башкы маселесин чечет. Кытайлык кыргыздардын элдин оозеки адабиятын макал-лакап, уламыш, жөө жомоктордон сырткары эмгек, кошок, сүйүү, рамазан, балдарга арналган ырлар жана элдик дастандар түзөт. Элдик дастандардын мазмуну, башкача айтканда, «Курманбектин», «Эр Төштүктүн», «Жаныш, Байыштын», «Кулмырза менен Аксаткын», «Жоодарбешимдин» ж.б. эпикалык чыгармалардын мазмуну Кыргызстандагы негизги варианттар менен айкалышып турат. Булардын сырткары кытайлык кыргыздарда «Багыш», «Толтой», «Тутан», «Мамаке Шопок», «Көбөгөн баатыр» сыяктуу бизге белгисиз дастандардын варианттары айтылып келет. Ал эми «Жаңыл Мырза» кенже эпосу Лобнордагы кыргыздардын арасында бүгүнкү күнгө чейин айтылат.

Кытайлык кыргыздарда жыйналган жана топтолгон элдик оозеки чыгармачылыктын ар кандай жанрдагы үлгүлөрү көп. Аларда эл турмушу таасын сүрөттөлөт, көркөм сөздүн күчү аркылуу элдин өткөндөгү кубанычы, кайгы-муңу, күрөшү, нускалуу философиялык ой жүгүртүүсү чагылдырылат. Кызылсуулук кыргыздардын каада-салттары, өзгөчөлүктөрү, мезгилдин нугуна жараша пайда болгон жаңы салттар иликтенди. «Баланын төрөлүшү», «Бешик той», «Тушоо кесүү», «Атка мукул, бака бут», «Сөйкө салуу», «Жамбаштык», «Куйка кой», «Кулдук уруу», «Эшик-төрүн көрүү», «Согум берүү», «Көч кой», «Чаң жылкы», «Арык кой», «Жооп суроо», «Кеңеш аяк», «Түш салуу», «Секиртмей», «Кыз ойнок», «Түндүк көтөрүү», «Токмок салуу», «Жар көрүштүрүү», «Сеп даярдоо», «Жүк көрүү», «Бакан минди», «Балта чот», «Калын төлөө», «Толгоо табак» ж.б. салттар илимий иште кеңири баяндалып, анализденди. Бүгүнкү күндө Кызылсууда калыңга кошуп, эгерде кызматтагы кыз болсо мотоцикл, ал эми үйдө олтурган кыздарга велосипед берүү салтка айланган. Мезгилдин нугуна карай жогорку окуу жайларын бүтүргөн кыздардын калыңы кыйла жогору экендиги тастыкталды.

Тарбагатайлык кыргыздарда калмак элинин каада-салттары басымдуулук кылган болсо, бүгүнкү күндө алар Кызылсуу кыргыздары менен кыз берип, кыз алышып, өз улутташтары менен байланыштары кеңейтилди.

Ал эми Лобнор кыргыздары кудалашууга негизинен куда-сөөктү өз айылынан тандап, «Таша кенттен» (бөтөн айылдан) кыз алууну же аларга кыз берүүнү туура көрүшпөйт. Өлүк коюу салттарындагы өзгөчөлүктөр да талдоого алынат. Өлүк коюлган үйдүн түндүгүнө, өлгөн адамдын жаш өзгөчөлүгүнө карата туу



тагылат (Мисалы: жаш адамга кызыл, жашы өтүп калгандарга ак, эгерде киши колдуу болсо дагы-кызыл). Синьцзян коомдук академиясынын экспедициясы, 1966-1967-.ж.ж. жана 1981-жылы Лобнор аймагында жүргүзгөн археологиялык изилдөөлөрдүн негизинде, аталган аймактагы кыргыздар өлүктү табытка (куансей) салып жана кепиндеп көмүшкөнү аныкталды.

Кытайлык кыргыздар бир нече динге ишенип келишкен. Аларда шаманизмдин белгилери кеңири сакталып калган. Молдо-бакшылар ооруп-сыркоолоп калгандарды «күрдөөлөп», «жүрөк мончок» куюшуп дарылашат. Тарбагатай кыргыздары будда динин XVIII кылымдарда кабыл алышкан. Бул кыргыздар Кызылтаг-Хайракан тоосуна сыйынышат. Сүт азыктарына, отко-сууга сыйынышат. Бул сыяктуу жөрөлгөлөр Борбордук Азия жана Түштүк Сибирь элдеринде да кеңири тарагандыгы маалым. Бирок бүгүнкү күндө кытайлык кыргыздардын дээрлик көпчүлүгү ислам динине ишенишет. Ислам динине байланышкан майрамдарды жогорку деңгээлде өткөрүшөт.

Ар бир элдин басып өткөн жолу, кылымдардан бери калыптанып, өсүп-өнүккөн улуттук маданиятын, көркөм-өнөрүн, оюн-зоогун кошо чагылдырат. Кыргыздардын оюн-тамаша «байлыктары» элди эстетикалык, руханий зарыл талаптарын канаттандырып, унут болуп кетүүдөн сактап келген. Элибиздин байыркы доордогу жараткан көркөм өнөр байлыктарынын бири — элдик оюндар. Бирок айрым элдик оюндар кытайлык кыргыздарда жоголуп бара жатат. Мисалы: «Төө чечүү», «Аталага башмалмай», «Жыланач баатыр» сыяктуулар калктын көңүлүн көтөрүү үчүн ойнолгон. Бүгүнкү күндө бул типтеги оюндар калк арасында жоголуп, унутта калып бара жаткандыгын байкоого болот.

Театр маданияты кытайлык кыргыздарда 1930-жылдарда калыптанган. Абдыкадыр Токторов СУАРдагы алгачкы театр тармагын негиздөөчүсү болгон. Анын «Кыздын тагдыры» драмасын 1938-жылы Кашкардагы казак-кыргыз маданиятын өнүктүрүү уюшмасы сахналаштырган. Кытайлык кыргыздар негизинен тоолуу райондордо жайгашкандыктан, сахналаштырган чыгармалар да ошол шартка ылайык кыска жазылып, декорациясы жарды болгон. Элеттик кыргыздардын маданият деңгээлин көтөрүүдө «жайлоо сахналары» чоң роль ойногон. Андыктан театр теориясы жана сахналаштыруу тажрыйбасы өнүккөн эмес.

Кытайлык кыргыздардын киноискусствосу 1980-жылдары калыптана баштаган. Алгачкы кино чыгарма 1983-жылы А.Токторовдун киносценарийинин негизинде «Музтоо этегинде» фильми Тениртоо киностудиясы тарабынан тартылган. Бул

фильмден кийин кыргыз кино тасмалары тартылган эмес. Синьцзяндагы кыргыздарга 1960-1970-жылдары кино тасмаларды көрсөтүү топтору уюштурулган. Тоолуу райондордо жайгашкан айыл-кыштактарды кыдырып, кино тасмаларды көрсөтүп турушкан. Кыргыздарга кинофильмдер негизинен уйгур, казак, кытай тилдеринде көрсөтүлгөн.

Кыргызстандык кино чеберлери тарабынан тартылган, «Эрте жаздагы турналар», «Караш-караш», «Ысыккөлдүн кызгалдактары», «Уркуя», «Аккеме», «Ак илбирстин тукуму» сыяктуу тасмаларды кытайлык кыргыздар 1980-1990-жылдары гана көрүүгө мүмкүндүк алган. Кытайлык кыргыздардын маданий турмушунда профессионалдык искусствого караганда өздүк көркөм чыгармачылык басымдуулук кылаары көптөгөн фактылык материалдардын негизинде белгиленди.

Диссертацияда 1949-2004-ж.ж кытайлык кыргыздардын руханий маданияты Кызылсуу Кыргыз автономиялык областында жашаган кыргыздардын мисалында иликтенип, тарыхый комплекстүү талдоо жүргүзүлүп, төмөндөгүдөй жалпыланган жыйынтыктоолор чагылдырылды.

**Изилдөөнүн натыйжасы төмөнкү корутундуларды жаратты:**

- кытайлык кыргыздар байыркы мезгилден тартып, ал аймактарда жашап, 1954-жылы КЭРдин курамында өз алдынча автономияга ээ болгон;
- бүгүнкү күндө Синьцзян Уйгур Автономиялык районунун Кызылсуу кыргыз автономиялык областында жашаган кыргыздардын маданий деңгээли жогорулап, өсүп бара жаткандыгын баса белгилөө;
- билим берүү системасында кыргыз мектептеринин ар бир райондо, айыл-кыштактарында бар экендигине карабастан, кытай кыргыздары балдарын кытай мектептеринде окутуп жатышкандыктары басымдуу көрүнүш;
- кытайлык кыргыздарда илимий изилдөөнүн өзгөчөлүгү гуманитардык багытта өнүгүп, ал эми табыгый-илимдер жолго коюлбай жаткандыгы аныкталды;
- кыргыз тили Кыргызстандын территориясында жашаган жергиликтүү калкка караганда, кытай кыргыздары тилдик өзгөчөлүктөрүн, жакшы сактап калгандыгында;
- СУАР кыргыз адабиятынын өнүгүшүнө коңшу кытай, уйгур, казак акын-жазуучуларын таасирин байкоого болот. Кытай кыргыз адабияты трилингвизм мүнөзүнө таандык. Кыргыз адабиятынын өзгөчөлүгү ал көп тилдерде жарык көрүп, өзүнө таандык тематикасы жана өзгөчөлүгү байкалат;



- «Манас» эпосунун Жусуп Мамай айткан сегиз бөлүмү кытай кыргыздарындагы эпостун негизги варианты болуп эсептелинет;
- тарыхый изилдөөнүн өзгөчөлүгү кытай жазма булактарына таянуу менен кыргыз тарыхына кошкон салымын тастыктайт;
- бул этникалык кыргыздардын жалпы эле кыргыз элине таандык каада-салттарынын сакталып калышы менен бирге, Европалык маданияттын айрым элементтери кирип келе жаткандыгын байкоого болот;
- диний ишенимдеринде дээрлик ислам динин тутушуп, теңирчилик, шаманизм белгилери да сакталып калган. Ал эми Тарбагатай, Фу-йүу кыргыздары буддизмдин бир түрү ламаизмге ишениши, кытай кыргыздарынын маданиятындагы өзгөчөлүгүн белгилейт;
- маданий турмушунда профессионалдык искусствого караганда өздүк көркөм чыгармачылыгы кеңири өнүккөн;
- улуттук аң-сезими: маданий-руханий белгилерин сактап келе жаткандыгында байкалат. Башка улуттарга жуурулушуп кетүү факторлоруна карама каршы туруу этникалык кыргыздардын аң-сезиминде бекем орногон;
- бирок тарыхый мыйзам ченемдүүлүк ассимиляция процессин четке кага албастыгын тастыктайт.

*Демек, илимий иште чыгарылган негизги тыянактардын негизинде төмөндөгүдөй сунуштарды киргиземин:*

- маданий байланыштарды кеңейтүү үчүн «мамлекеттик деңгээлдеги маданий» программаны иштеп чыгуу;
- Кыргызстанда «Кытайлык кыргыз искусство декадасын», Үрүмчүдө жана Артышта «Кыргызстандык кыргыздардын искусство декадасын» уюштуруу;
- Кыргыз Республикасынан басылып чыккан окуу-методикалык куралдар менен кытайлык кыргыздарды камсыз кылуу;
- илимий изилдөө иштеринде байланышты кеңейтүү;
- Кытайлык кыргыздар менен маданий байланыштарды кеңейтүү максатында мамлекетик деңгээлдеги көркөм- сүрөт жана басма-сөз маалыматтарынын көргөзмөсүн уюштуруу;

**Диссертация боюнча жарыяланган эмгектер:**

1. Фу-йүу кыргыздары // Матер. науч.-практ.конф. «Обычаи, традиции и обряды народов Востока». — Бишкек, 1999. — С.14-16.

2. Атамекен тарыхы курсунда чет өлкөлүк кыргыздардын тарыхын окутуу. // Матер. науч.-практ.конф. «Проблемы образования и науки». — Нарын, 2001. — С.7-15.
3. Традиционность народного воспитания // Философия образования и ее роль в формировании гуманитарного типа знаний. Матер. слушателей Летнего университета. — Алматы, 2002. — С.3-7.
4. Памир кыргыздары Улуу Жибек жолунда // Матер. междунар. научной конф. «Диалог на Великом Шелковом пути». — Бишкек, 2002. — С.20-27.
5. Элемент народности в характере человека, влияние жизни на его воспитание (на примере кыргызской диаспоры в КНР) // Методологический диалог социальных наук с гуманитарным образованием. / Материалы слушателей Летнего университета —Сб. II. — Алматы, 2003. – С.5-15.
6. Кытайлык кыргыздардын билим берүү системасынын өнүгүшү // Матер. междунар. науч.-практ. конф., посвященной 70-летию со дня образования Кырг. аграрного ун. им. К.И.Скрябина. — Бишкек, 2003. — Вып. 2.— Ч. 2. —С .233—238.
7. «Манас» эпосун кытайлык кыргыздарда изилдөө абалы. // Матер. междунар. науч.-практ. конф., посвященной 70-летию со дня образования Кырг. аграрного ун-та. им. К.И.Скрябина. — Бишкек, 2003. — Вып. 2. —Ч. 4. — С. 166 — 171.
8. Кыргызская диаспора и проблемы этнического выживания // Вестн. Кырг. гос. ун-та им. И. Арабаева. — Бишкек, 2006. — Вып. 6. — С. 28 — 32.
9. Парадигма диаспоры в развитии этнокультурных аспектов истории человечества (на примере кыргызской диаспоры в КНР) // Вестн. Кырг. гос. ун-та им. И.Арабаева.— Бишкек, 2006. — Вып.6. — С. 32 - 35.
10. Кытайлык кыргыздардын жалпы маданий абалы // Социальные и гуманитарные науки. — Бишкек, 2007. —№1,2. —С.273-277.
11. Кытайлык кыргыздардын театр жана киноискусствосунун калыптанышы, өздүк көркөм өнөрүнүн өнүгүшү // Социальные и гуманитарные науки. — Бишкек, 2007. — №1,2.— С. 280-283.
12. Кытайлык кыргыздарда тарых илиминин изилдөө абалы // Наука и новые технологии. Бишкек, — 2008. — №1-2. — С.92-96.
13. Кытайлык кыргыздардагы кыргыз тилинин изилдениши жана кыргыз басма сөзүнүн калыптанышы // Извест. Вузов. —2008. №1-2. — С. 112-116.
14. Европалык изилдөөчүлөрдүн эмгектериндеги Жунго кыргыздары // Тил жана котормо. – Үрүмчү (КЭР), - 2008 – №2 – 22-24 б.



## РЕЗЮМЕ

**Абдалиева Гульзада Кошоевна**

**Кытайлык кыргыздардын руханий маданияты 1949 – 2004-жж. (Кызылсуу Кыргыз автономиялык областынын мисалында иликтенди)**

07.00.02. – Кыргызстан тарыхы: 07.00.07. – этнография, этнология жана антропология адистиктери боюнча тарых илимдеринин кандидаты илимий даражасына талапкерликке жазылган диссертация.

**Негизги сөздөр:** маданият, руханий, кыргыздар, кытайлык, Кызылсуу Кыргыз автономиялык область, диаспора, илим, адабият, каада-салт, театр, өздүк көркөм чыгармачылык, киноискусство.

Диссертациялык иштин максаты мамлекет жана этнос маселесинин чегинде кытайлык кыргыздардын 1949-2004-жылдар аралыгындагы маданиятын тарыхый таанып билүүчүлүк аспектен иликтеп үйрөнүү жана ошондой эле кытай улуту басымдуулук кылган өлкөдө аларга синип кетпей этнос катары өздөрүнүн этнопсихологиялык белгилерин жана этномаданиятынын өзөгүн түзгөн каада-салтын, рухий дөөлөттөрүн сактап калышын анализге алуу, аны шарттаган факторлорду аныктоо.

Изилдөөгө алынган проблеманын табиятын тереңирээк ачып берүү үчүн иште Чыгыш Түркстандын, анын ичинде кыргыздардын тарыхын чагылдырган орус, англис, кытай, кыргыз жана башка улуттагы окумуштуулардын илимий көз караштары анализге алынып системаланды. 2000-жылы Кытай Эл Республикасында жүргүзүлгөн эл каттоонун статистикалык маалыматтарына негизделген кытайлык кыргыздардын жалпы саны жана алар жайгашкан территориялык аймактар такталды.

Диссертациялык иштин жаңылыгы — кыргыз тарых таануусунда кытайлык кыргыздардын Кытай мамлекетинин жаңы тарыхындагы жалпы абалы, билим берүү, илим изилдөө, саламаттык сактоо системасы, жаңы каада-салттардын пайда болушу, көркөм өнөрү, театралдык жана киноискусствосу биринчи жолу диссертациялык деңгээлде изилденип жаткандыгында. Ушуну менен эле бирге иште этносту аныктоочу жана анын өсүп-өнүгүшүн бекемдөөчү белги-маданият деген концептуалдуу илимий жобо жаңы тарыхый фактылар менен бекемделди. Иштин методологиялык негизин тарыхый обьективдүүлүк, социалдык, системалык-статистикалык, салыштырмалуу тарыхый талдоо методдор түздү.

Диссертацияда аз сандагы улуттарга мамлекет тарабынан кам көрүлбөсө, алардын тарыхый Атамекениндеги улутташтары маданий байланыштарынын стратегиясы иштелип чыкпаса этнос катары тилин, маданиятын сактап калышы мүмкүн эмес экени Кытай Эл Республикасынын жаңы тарыхындагы «маданий революциянын» жана азыркы мезгилдеги саясатынын мисалында ишенимдүү көрсөтүлдү.

Диссертация киришүүдөн, 3 главадан, корутундудан жана библиографиядан турат.

## РЕЗЮМЕ

**Абдалиева Гульзада Кошоевна**

**Духовная культура китайских кыргызов в период с 1949 по 2004 гг. (на примере кыргызов, проживающих в Кызылсууйской автономной области)**


Диссертация на соискание ученой степени кандидата исторических наук по специальностям: 07.00.02 — история Кыргызстана и 07.00.07 — этнография, этнология и антропология.

**Ключевые слова**: культура, духовная, кыргызы, китайские, Кызылсууйская Кыргызская автономная область, диаспора, наука, литература, традиции, театр, самодеятельность, киноискусство.

Целью диссертационной работы является исследование в историко-познавательном аспекте этнической культуры китайских кыргызов за период с 1949 по 2004 гг., анализ факторов, обуславливающих сохранение их обычаев, традиций и духовных ценностей, оценка этнопсихологических различий, благодаря которым кыргызская диаспора нерастворилась с китайским народом, преобладающим в стране.

В работе анализируются и систематизируются научные концепции русских, английских, китайских, кыргызских ученых по истории Восточного Туркестана, в том числе и кыргызов с целью полного раскрытия природы исследуемой проблемы исследуется территориальное размещение и численность кыргызов на основании статистических данных, зафиксированных переписью населения в Китайской Народной Республике.

Новизна работы заключается в том, что в кыргызской историографии жизненный уклад и система образования, наука и здравоохранение, словесное, театральное и киноискусство китайских кыргызов в новой истории Китайского государства впервые исследованы на диссертационном уровне. Кроме того, в работе на основе новых исторических фактов подтверждается концептуальное научное положение о культуре, как определяющем признаке этноса.

В диссертации на примере «культурной революции» и современной национальной политики в новой истории Китайской Народной Республики показано, что малочисленные народы в составе огромного государства не в состоянии сохранить совой язык и свою культуру, если это государство не будет заботиться о них и не выработает долгосрочной стратегии для культурных взаимосвязей с соплеменниками на исторической родине.

Диссертация состоит из введения, трех глав, заключения и библиографии.




## RESUME

***Abdalieva Gulzada Koshoevna***

***Spiritual culture of Kyrgyz in China from 1949 to 2004. (according to Kyrgyz living in Kyrgyz autonomical oblast of Kysylsuu)***


The dissertation to defend the degree of candidate of Historical Sciences on the specialties of 07.00.02 — History of Kyrgyzstan: 07.00.07 — Ethnography, ethnology and anthropology.

**Key words:** culture, spiritual, Kyrgyz, Chinese, Kyrgyz autonomic oblast of Kysylsuu, diasporas, science, literature, traditions, theatre, initiative, cinematica.

The aim of the dissertation is to define and to analyze the factors which helped the Kyrgyzes in China to save as a sub ethnos their ethno-psychological signs, their customs and traditions, and their spiritual wealth that make the basis of the ethnic-culture. Besides, it researches the culture of the Kyrgyzes in China from 1949 to 2004 from the aspect of historical investigations.

To deeply explain the nature of the problem under research, the scientific investigations of scholars of Russian, English, Chinese, Kyrgyz, and other nationalities that did researches in Eastern Turkistan, especially who researched the history of the Kyrgyzes there were systematized. The total number of Kyrgyzes in China and the territories they live was defined according the statistical results of the national census in the People's Republic of China in 2000.

The novelty of the dissertation is in the investigation of the social condition of Kyrgyzes in China's latest history, their education, researches, the system of health care, creation of new traditions, art, and their theatrical and cinema art in the level of dissertation. Besides, the dissertation has proved the scientific-conceptual rule "*sign-culture*" which determines the ethnos and its development with the help of new historical facts. The historical objectivity, social, systematic-statistical, historical-comparative analysis, and graphical methods compose the methodological basis of the dissertation.

The dissertation explains that if the state does not take care of minorities, if there is no a worked out strategy of social-economic, cultural relationships with their historical Motherland, then it is impossible to save their language and culture as an ethnos. It was earnestly proved on the example of "cultural revolution" in the new history of the People's Republic of China and on the example of its modern policy.

The dissertation consists of introduction, three unit. Conclusion and bibliography.